ИНСТИТУТ
МЕДИА
ПОЛИСИ

# Сөз эркиндигинин жана маалыматка жетүү укуктарынын бузулушуна жүргүзүлгөн мониторинг

## март, 2020 – май, 2021

2021

**Түзүүчүлөр:** Э. Арыкбаев, А. Исаева
**Калыптоочу:** З. Усубакунов

**Сөз эркиндигинин жана маалыматка жетүү укуктарынын бузулушуна жүргүзүлгөн мониторинг** – Б.: "Медиа Полиси Институту" Коомдук фонду, 2021. – 48 бет.

2020-жылдын март айынан 2021-жылдын май айына чейин «Медиа Полиси Институту» (МПИ) Коомдук фонду жергиликтүү интернет басылмалардагы жана социалдык тармактардагы Кыргызстандын жарандарынын сөз, пикир билдирүү эркиндигине жана маалыматка жетүү укуктарынын бузулушу тууралуу маалыматтарга мониторинг жүргүзүп чыккан. Бул мезгил коронавирус (COVID-19) пандемиясына байланыштуу маалыматты жайылтуу эркиндигин чектөөнү камтыйт. Укук коргоо органдарынын ушул жана андан кийинки мезгилдеги аракеттери өлкөдөгү маалыматка жетүү жана сөз эркиндиги боюнча укук колдонуу практикасына терс таасирин тийгизди.

Бул мезгилдин ичинде төрт кварталдык мониторингдин отчету жарыяланды. Мониторингдин түпкү максаты алынган маалыматты медиа мыйзамдарын жана укук колдонуу практикасын өркүндөтүүнүн үстүнөн иш жүргүзүү үчүн пайдалануу болуп саналат.

Мониторинг – бул реалдуу убакыт режиминде маалыматтарды чогултуунун жана талдоонун үзгүлтүксүз процесси. МПИнин эксперттери күн сайын тиешелүү жаңылыктар менен таанышып, маалыматтын жеткиликтүүлүгүнө жана сөз эркиндигинин абалына көз салып турушкан. Журналисттердин жана маалыматты издөө, алуу, даярдоо жана жайылтуу менен байланышкан мамилелердин башка катышуучуларынын бузулган укуктары жөнүндө бардык тандалып алынган маалыматтар эл аралык милдеттенмелерге жана пикир билдирүү эркиндиги боюнча улуттук мыйзамдарга канчалык шайкеш келгендиги талданган. Кийинчерээк ал тематикалык категорияларга бөлүнүп, юристтердин комментарийлери менен коштолду.

Жүргүзүлгөн мониторингдин негизинде «Кыргызстанда сөз эркиндигин коргоо жана илгерилетүү» долбоорунун алкагында Демократия үчүн Улуттук Фонддун колдоосу менен «Кыргызстанда сөз эркиндигинин жана маалыматка жетүү укуктарынын бузулушуна жүргүзүлгөн мониторинг» аттуу жыйынтыктоочу аналитикалык отчет иштелип чыккан.

Журналисттердин жана социалдык тармактардын колдонуучуларынын укуктарынын сакталышына жүргүзүлгөн мониторинг адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттардын негизинде Кыргызстанда сөз эркиндигин коргоо жана илгерилетүү ишин жакшыртуу үчүн жалпы сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берди. Бул сунуштар жыйынтыктоочу отчетко кошулду.

15 жылдан ашык убакыттан бери МПИ Кыргызстанда сөз эркиндигин жана пикир билдирүү эркиндигин колдоп, бул багытта иш жүргүзүп келатат. Биздин юристтер журналисттердин жана ЖМК редакцияларынын ишмердүүлүгүнө юридикалык колдоо көрсөтүп, аларга консультацияларды берип, сот иштеринде коргоону жүзөгө ашырышат.

Эксперттик ишмердүүлүктө тажрыйбага ээ болгон МПИнин юристтери медиа чөйрөсүндөгү кырдаал тууралуу серептерди даярдап, ЖМКнын жана журналисттердин ишин жөнгө салуучу мыйзам долбоорлоруна талдоолорду жана пикирлерди жазышат; өз сунуштарын киргизип, мыйзам долбоорлорун иштеп чыгууга катышып келишет.

Биздин аналитикалык отчетубуз аналитикалык макалаларды даярдоодо журналисттерге, ЖМК редакцияларына жана интернет-басылмаларга, отчетто баяндалган жагдайлар менен таанышып чыгуу үчүн изилдөөчүлөргө жана маалымдуулугун жогорулатуу үчүн мамлекеттик органдарга пайдалуу болот деп ишенебиз.

Бул материал «Демократия үчүн Улуттук Фонддун» (NED) колдоосу алдында «Медиа Полиси Институту» КФнын буйрутмасы менен даярдалган. Бул жерде айтылган пикирлер, корутундулар же сунуштар авторлордун пикирин билдирет жана сөзсүз эле NED'дин көз карашын чагылдырбайт.
Бул документ «Медиа Полиси Институту» сайтында жарыяланат. Аны колдонууда түп нускага активдүү гипершилтемени көрсөтүп, МПИнин макулдугун алуу талап кылынат.




Фото: Бермет Маликова

## КИРИШҮҮ

«Медиа Полиси Институту» 2020-жылдын март айынан 2021-жылдын май айына чейин Кыргызстанда маалыматка жетүү жана сөз эркиндигине болгон укуктар менен эркиндиктер бузулган учурларга мониторинг жүргүздү.

Жалпысынан бул мезгил аралыгында мониторингдин критерийлерине кирген 311 билдирүү аныкталды.

Байкоолордун жүрүшүндө эксперттер кыргыз жана чет элдик басылмалардын жаңылыктар түрмөгүн окуп чыгып, сөз эркиндигинин же маалыматка жетүү укугунун бузулушуна тигил же бул жол менен көңүл бурулган макалаларды тандап алышты.

Кийинчерээк эксперттер бул макалаларды жалпы тизмеге чогултуп, алардын арасынан мониторингдин критерийлерине кирген жана башка басылмаларда жазылгандарды кайталабаган уникалдуу кабарларды таап чыгышкан. Мисалы, бир эле окуя тууралуу беш басылма жазса, мониторинг тобу бешөөнүн ичинен бирөөн тандап алып, аны бир уникалдуу жаңылык катары баалаган.

Мониторинг тобу жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланган билдирүүлөрдү гана тандап алганын эске алсак, бул серепте айрым бир окуялар чагылдырылбай калышы ыктымал.

## 2020-жылдын мартынан 2021-жылдын майына чейин **катталган билдирүүлөр**

Бул графикада уникалдуу жаңылыктардын саны келтирилди, аларда төмөнкү укук бузуулар сүрөттөлгөн:




Источник: "Медиа Полиси Институтунун" өз санагы. • Создано с помощью Datawrapper

Уникалдуу кабарларды тандап алгандан кийин эксперттик топ аларга кайрадан сереп жасап, тогуз категорияга жана бир нече чакан категорияга бөлүштүрүп чыккан:

- Жалган маалымат таратуу жана маалыматты манипуляциялоо
  - Кыргыз-тажик чек арасындагы жаңжал учурунда
- Кадыр-баркка шек келтирүүчү талаш-тартыштар
- Сөз эркиндигине каршы мыйзам чыгаруу демилгелери
- Журналисттерге кол салуу
  - Жапырт демонстрациялар учурунда
- Мамлекеттик каналдар тарабынан тең салмактуулук жана калыстык принциптеринин бузулушу
- Эркиндикти жана маалыматка жетүү укугун чектөө
  - Шайлоо мезгилинде
  - Жапырт демонстрациялар маалында
  - COVID-19дан улам
- Жек көрүүнү козутуу үчүн куугунтуктоо





- КР Жазык кодексинин 313-беренеси «Расалык, этностук, улуттук, диний же региондор ортосундагы кастыкты (араздашууну) козутуу» боюнча кылмыш иштери
- Демонстрациялар учурунда жалпыга маалымдоо каражаттарын басып алуу
- Журналисттерди коркутуу, каралоо жана ЖМК менен жарандык коомго басым жасоо

## НЕГИЗГИ ТЫЯНАКТАР

- COVID-19 коронавирус пандемиясына байланыштуу чектөөлөр сөз эркиндигине жана жарандардын маалымат жайылтуу укуктарына терс таасирин тийгизди;
- Кыргызстанда шайлоо маалында да маалыматка жетүү укугу жана аны жайылтуу эркиндиги бузулду;
- 2020-жылдын октябрында бийликтин алмашуусу жана андан кийинки саясий туруксуздук өлкөдөгү сөз эркиндигинин абалына терс таасирин тийгизди;
- Кыргызстанда жарандардын сөз эркиндигине болгон укуктарын чектөөгө багытталган мыйзам чыгаруу демилгелери уланууда;
- Президент ким болгонуна карабастан Кыргызстандын бийлиги ЖМКдан да, активисттерден да, жарандардан да сын угууга даяр эмес.

## ИШТИН ЖАГДАЙЫН АНЫКТАГАН ФАКТОРЛОР

Кыргызстанда 2020-жылдан 2021-жылга чейин сөз эркиндигинин жана маалымат таратуу укугунун абалы өлкөдө жана дүйнөдө болуп жаткан окуялардын бир нече өзөктүк факторлорун аныктады:

- 2020-жылдын отчеттук мезгилинин башталышынан бери, бул коронавирустук пандемияга байланыштуу чектөөлөр болду, ошол маалда кыргыз бийлиги эпидемия жөнүндө маалыматты жайылтууга жол бербөөгө аракет кылышкан, мындай маалыматтарды алар «туура эмес» деп баалашкан. Бул категорияда, башкалардын арасында, дарыгерлердин жана жергиликтүү тургундардын билдирүүлөрү жана даттануулары бар болчу, алар социалдык тармактарга пост жазып, коомчулукка пандемия менен күрөшүү үчүн чаралар жетишсиз болуп жатканы жөнүндө маалымат беришкен. Бул посттор улуттук коопсуздук органдарынын көңүлүн бурган, алар авторлорду мый-

замсыз түрдө өз билдирүүлөрүн четке кагууга жана «такталбаган» маалымат үчүн кечирим суроого мажбур кылышкан.

- Журналисттердин жана активисттердин басылмаларда жана социалдык тармактарда жарыяланган билдирүүлөрүнө байланыштуу соттук териштирүүлөр жана суроктар отчеттук мезгилдин аягына чейин каталып турду. Эң орчундуу иш – Кыргызстандын Бажы кызматынын төрагасынын мурдагы орун басары Райымбек Матраимов жана анын үй-бүлөсүнүн бир эле учурда бир нече маалымат каражаттарына – RFE/RLдин «Азаттык» радиосунун кыргыз кызматына, 24.kg жана Kloop.kg жергиликтүү басылмаларына жана журналист Али Токтакуновго каршы доо арызы. Жалпыга маалымдоо каражаттары мурдагы аткаминердин Кытайдан Борбор Азияга товарларды аткезчилик жол менен ташууга, бажыдагы коррупциялык схемаларды түзүүгө жана акчаны адалдоого тиешеси бар деп шектенишкен. 2020-жылдын октябрында бийлик күч менен алмашкандан кийин, атайын кызматтар Матраимовго карата сотко чейинки өндүрүштү баштаган, анын натыйжасында ал бажыда коррупциялык схемаларды уюштурганын мойнуна алып, коррупция боюнча соттолгон. Бийлик менен мунасага жетип, Матраимов бюджетке 2 миллиард сом төлөдү, бирок эркинен ажыратылган жок. Ушундан кийин Матраимовдордун үй-бүлөсү басылмалардын үстүнөн жазган доо арызын кайтарып алышкан.
- Мониторинг тобу ошондой эле 2020-жылдын октябрындагы парламенттик шайлоодо, 2021-жылдын январында президенттик шайлоодо жана 2021-жылдын апрелинде өткөн жергиликтүү кеңештерге шайлоо учурунда журналисттердин укуктары чектелип, кол салуу болгон учурларды каттады. Негизги тыянак – Кыргызстанда шайлоо жарандардын маалымат таратуу жана алуу укуктары менен эркиндиктери бузулган мезгил бойдон кала берүүдө, ал эми добуш берүүнүн жүрүшүн чагылдырган маалда журналисттер кол салууга жана коркутууга кабылышууда.
- Парламенттик шайлоонун баштапкы жыйынтыктарынан улам 2020-жылдын 5-октябрында бийликтин күч менен алмашуусуна байланыштуу саясий туруксуздук мезгили журналисттерге каршы коркутуулар жана кол салуулар менен эсте калды. Бул окуялардын натыйжасында Кыргызстанда өкмөт менен президент алмашты. Бийликке келген саясатчы Садыр Жапаров айрым маалымат каражаттарына ачык эле сөөмөй кезеп, аларды жаманатты кылды, ал эми анын тарапташтары окуяларды чагылдырган журналисттерге кол салышты.



СӨЗ ЭРКИНДИГИНИН ЖАНА МААЛЫМАТКА ЖЕТҮҮ УКУКТАРЫНЫН БУЗУЛУШУНА ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МОНИТОРИНГ

- Кийинчерээк Садыр Жапаров башында турган жаңы бийлик жана анын тарапкерлери жаңы Конституцияны кабыл алуу демилгесин көтөрүп чыгышты, анда сөз эркиндигин жана тынч митингдерди өткөрүүнү чектеген ченемдер жазылган. Акыркы вариантта бул ченемдердин айрымдары четке кагылганы менен, адам укуктарына байланыштуу айрым бир карама-каршы жоболор кала берген.
- Бүтүндөй отчеттук мезгил укук коргоо органдарынын жана бийликтин социалдык тармактардагы жана жалпыга маалымдоо каражаттарындагы сынга карата өлчөмдөш болбогон реакция жасалган учурлары менен эсте калды, алар айрым учурларда сын пикирин жазган авторлорду мыйзамсыз суракка алуу менен коштолгон. Мындай окуялар мурдагы президент Сооронбай Жээнбековдун учурунда да, 2020-жылдын октябрь айында жапырт нааразылык акцияларынын натыйжасында бийликке келген Садыр Жапаровдун учурунда да катталган.



Фото: AKIpress

1-ГЛАВА

# COVID-19 МААЛЫНДАГЫ ЧЕКТӨӨЛӨР

COVID-19 коронавирус пандемиясы дүйнө элинин күнүмдүк жашоосуна өтө чоң таасирин тийгизди, дүйнө биринчи жолу мындай масштабдагы ден соолукка коркунуч келтирген көрүнүшкө туш болду. Жаңы жана белгисиз вирустан коркуу сезими бул оору тууралуу ар кандай маалыматтын таралышына себеп болду.

Кыргызстанда жергиликтүү тургундар тараткан ушундай эле билдирүүлөр Кыргызстандын Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитетинин (УКМК) көңүлүн бурду. Атайын кызмат «дүрбөлөңгө» түшүргөн маанайды басуу үчүн «жалган» маалыматтын таралышын токтотууга аракет кылды.

2020-жылдын март айынын аягында Кыргызстандын аймактарында социалдык тармактарда коронавирустук илдет тууралуу пикирин жазган авторлорду кармап, түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн. Адатта, көпчүлүк учурларда мындай кармоолор пикирин билдирген автордун «кылган ишине өкүнүп, жалган маалымат тараткан үчүн кечирим суроосу» менен аяктаган.

«Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитеттин кызматкерлери жалган маалымат тараткан эки адамды кармашты. УКМКнын маалыматына караганда, Кара-Балта шаарынын 1992-жылы туулган тургуну менен Чүй облусунун Жайыл районунун тургуну социалдык тармактар аркылуу жергиликтүү райондук ооруканада коронавирус жуктурган 15 адам жатат деген имиштерди таратышкан. Алар менен профилактикалык сүйлөшүүлөр өткөрүлдү. Бул факт Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине КР Жазык кодексинин «Санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди бузууга аракет кылуу» беренеси боюнча катталган».

*Кыргызстандагы коронавирус. Атайын кызмат фейк маалымат таратkандарды аныктады / Kaktus.Media*

Пандемия кыймылга чектөөлөрдүн киргизилишине себепчи болду. Мындай чектөөлөр калктын ден соолугун коргоо жана инфекциянын жайылышын алдын алуу максаты менен түшүндүрүлгөн.

Кээ бир учурларда мындай чектөөлөр журналисттердин кырдаалды чагылдыруу сапатына таасирин тийгизди. Соттук угуулар журналисттерсиз өттү, пандемия жана ага каршы өкмөттүн чаралары жөнүндө маалыматка жетүү чектелди, ЖМКны аккредитациядан өткөрүүдөн баш тарткан учурлар болду, илдетти жуктургандардын жана андан каза тапкандардын статистикасы өз убагында жаңыртылбай калып турду.

2020-жылдын апрель айында жалалабаддык журналисттер пандемиядан улам өзгөчө абал киргизилгендиктен ишинде чектөөлөргө туш болушкан. «Регион» телеканалынын жетекчиси Рамиз Каимов COVID-19 жөнүндө маалыматты коронавирус менен күрөшүү боюнча Республикалык штабдан башка булактардан алуу кыйын болуп калганын билдирди.

«Мисалы, жалпы республикада көрсөтүлгөн Жалал-Абаддын «Регион» телеканалынын журналисттеринин көпчүлүгү кесиптик иши менен алектене албай, үйдөн чыкпай отурууга аргасыз болгон. Бирок телеканал көрсөтүүнү толугу менен токтоткон жок. [...]

««Жергиликтүү бийликтин, өкмөттүн дарегине көп сындар айтылып жатат, биз мунун баарын эфирге чыгарабыз, бирок дайыма эле эмес. Бизде кырдаал оор, ошондуктан аны курчутпоо үчүн, абалдан чыгуу жолдорун издеп жаткандардын маанайын бузбоо үчүн кээде өзүбүздү чектөөгө мажбурбуз»,-деди Каимов».

*Жалал-Абад: Маалыматка жетүүгө байланышкан кырдаал начарлады / Journalist.kg*

Маалымат берүүдөгү мындай чектөөлөргө башка региондордун – Нарын жана Ысык-Көл облустарынын журналисттери да даттанышты.





## 2020-жылдын июль айында оору күчөгөн учур

Графикада 2020-жылы Кыргызстанда COVID-19дан ооругандардын жана көз жумгандардын апта сайын чыккан маалыматтары берилди:




Булак: WHO • Datawrapper менен түзүлгөн Datawrapper

Кыргызстанда илдеттин биринчи толкуну 2020-жылдын июль айына туш келди, анда күнүнө 500дөн ашык адамдан COVID-19 аныкталып турган – бул ооруканаларда орундардын калбай калышына, дарыгерлердин тартыштыгына жана керектүү дары-дармектер, жабдуулар жана жеке коргонуу каражаттары (СИЗ) менен камсыздоонун кечеңдешине алып келди.

Пандемиянын алдын алуу боюнча бийликтин жетишсиз аракеттеринин фонунда атайын коргонуучу кийимдердин жана дары-дармектердин жетишсиздигине даттанган дарыгерлер да коңгуроо кага баштаншты. Абалга даттанып пикирин жазган авторлорду укук коргоо органдары жана бийлик кысымга алып, мунун натыйжасында медициналык кызматкерлер кечирим суроого жана айткан сөздөрүн жокко чыгарууга мажбур болушту.

Жалпысынан, мониторинг тобу коронавирус пандемиясына байланыштуу чектөөлөр жөнүндө 24 билдирүүнү каттады.

**«Медиа Полиси Институтунун» комментарийи**

*Коронавирус пандемиясы учурунда Кыргызстандын укук коргоо органдарынын жана бийлик органдарынын мындай аракеттери – сөз эркиндигин чектөө жана жарандарга кысым көрсөтүү, тилекке каршы, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жазылган маалыматтарга жетүү жана жайылтуу кепилдиктерине жооп бербейт.*

*Конституция ар бир адамга мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын карамагында болгон маалыматтарга жетүү укугун кепилдейт. Башка мыйзамдарда мамлекеттин коомдун кызыгуусун жараткан маалыматка жеткиликтүүлүгүн камсыздоо милдети жөнүндөгү жоболор камтылган. Ошол маалда коомдун кызыгуусун жараткан маалымат өлкөдөгү коронавирустук инфекциянын абалы тууралуу кабарлар болчу.*

*Мыйзамдар жарандардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузган, ошондой эле алардын жеке коопсуздугуна, саламаттык сактоодогу жана санитариядагы абал жөнүндө, жарандын коопсуздугуна жана ден соолугуна коркунуч келтирген өзгөчө кырдаал тууралуу маалыматка жана фактыларга жетүүнү чектөөгө тыюу салат*[1]*. Ошентип, өзгөчө кырдаал учурунда мамлекеттин негизги милдети – коомчулукту ар тараптуу, тең салмактуу жана толук маалымат менен камсыз кылуу.*

Расмий позицияга карама-каршы келген маалыматты чектөө жана басуу, өз пикиринен баш тартууга мажбурлоо Конституциянын беренелерине каршы келет.

Кыргызстандын Конституциясынын 33-беренесине ылайык, ар бир адам маалыматты эркин издөөгө, алууга, сактоого, пайдаланууга жана аны оозеки, жазуу түрүндө жана башка жол менен жайылтууга укуктуу. Кыргызстандын Конституциясынын 32-беренесине ылайык, эч ким өз пикирин билдирүүгө же андан баш тартууга мажбурланышы мүмкүн эмес.

[1] 11-берене, «Мамлекеттик сырды коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы



СӨЗ ЭРКИНДИГИНИН ЖАНА МААЛЫМАТКА ЖЕТҮҮ УКУКТАРЫНЫН БУЗУЛУШУНА ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МОНИТОРИНГ

Сайттарга кирүүгө байланышкан да чектөөлөр болду – пандемияга каршы күрөштөгү «натыйжасыз» аракеттеринен улам президент Сооронбай Жээнбековдун кызматтан кетүүсүн талап кылган петиция Change.org жайгаштырылгандан көп өтпөй, онлайн-петицияларды чыгарган бул сайт бөгөттөлүп, Кыргызстанда 2020-жылдын 15-июлунан тартып ачылбай калган.

Ошол маалда мамлекеттик органдар сервис эмненин негизинде бөгөттөлгөнүн түшүндүрө алган эмес. «Медиа Полиси Институтунун» кайрылуусунан кийин Маалыматтык технологиялар жана байланыш боюнча мамлекеттик комитет Башкы прокуратуранын «сервисти «экстремисттик» деп таануу» тууралуу арызынан кийин Change.org сайты Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун 2020-жылдын 3-сентябрындагы чечими менен жабылганын кабарлады. Ошентип, июлдан сентябрга чейин сайтка жеткиликтүүлүктүн жоктугу бул сервис сотсуз, мыйзамсыз жол менен бөгөттөлгөнүнөн кабар берет.

«Медиа Полиси Институту» Change.org кеңсесинин атынан Жогорку сотко арыз жазгандан кийин 2021-жылдын мартында гана Change.org бөгөттөн чыгарылган.




Фото: Вячеслав Оселедко

2-ГЛАВА

# МАТРАИМОВДУН ИШИ

2020-жылдын октябрында бийлик алмашканга чейин сын пикирлер үчүн куугунтуктоо Кыргызстандын бажы кызматынын төрагасынын мурдагы орун басары Райымбек Матраимовго байланыштуу бир катар иликтөөлөрдүн жарыяланышына байланыштуу болгон.

«Азаттык» радиосунун, Kloop.kg'нин жана Уюшкан кылмыштуулукту жана коррупцияны изилдөө борборунун (OCCRP) журналисттери өз макалаларында Матраимовдун кыргыз бажысындагы коррупцияга, Кытайдан аткезчилик товарларды ташууга жана Борбор Азиядан келген акчаны адалдоого тиешеси бар экенин аныкташкан.

Матраимовго каршы масштабдуу демонстрациялар өтүп, анын ишмердүүлүгүн иликтөөнү талап кылган чакырыктар көп жаңырганы менен, бийлик ага каршы иштиктүү чара көргөн жок. Матраимов өзү жана анын үй-бүлөсү басылмаларды жана «Азаттык» радиосунун журналисттеринин бири Али Токтакуновду сотко берип, 60 миллион сом өлчөмүндө компенсация төлөп берүүнү талап кылган.

Мурунку аткаминерди сындаган басылмалар жана активисттер социалдык тармактарда Матраимовду колдогон боттордун жана троллдордун чабуулдарына кабылышкан.

2020-жылдын июнь айында Кыргызстандын УКМКсы Токтакуновду материалды жарыялаганы үчүн акча алган деп айыптаган. Ошол эле учурда атайын кызмат башка адамдардын сөздөрүнөн тышкары эч кандай далил көрсөтө алган эмес.

«Эркин Европа/Азаттык радиосунун» («Азаттык» радиосу анын кыргыз кызматы болуп саналат) президенти Жейми Флай УКМКнын билдирүүсүн «каралоо» катары баалаган.

«Бул айыптоолор өздөрүнүн байлыгын жана бийлигин сактап калууга умтулган коррупционерлердин журналисттерге каршы көргөн чараларынын акыркысы болуп калды окшойт. Матраимов мырза журналист Али Токтакуновду жана «Эркин Европа Радиосу/Азаттык радиосунун» кыргыз кызматын сотко берди, алардын банктык эсеби былтыр декабрда камакка алынып, андан кийин чыгарылган. Биз чындыкты бурмалоо сыяктуу аракеттерди айыптайбыз жана Кыргызстан бийлигин иликтөө иштерине катышкан журналисттердин коопсуздугуна коркунуч келтиргендерди жоопко тартууга чакырабыз».

*Жейми Флай: «Азаттыктын» журналисттерин каралоо улануууда / Азаттык Радиосу*

Матраимовдун иши боюнча кырдаал саясатчы Садыр Жапаров 2020-жылдын октябрында бийликке келгенден кийин гана чечилгендей болду – шайлоодо көптөгөн мыйзам бузуулар жана Матраимовдор менен байланышы бар «Мекеним Кыргызстан» партиясынын жеңиши ошол кездеги бийликке каршы көтөрүлүштүн себептеринин бири болуп калды.

УКМК мурдагы бажы кызматкерине карата сотко чейинки өндүрүштү баштап, натыйжада Матраимов бажыда мыйзамсыз схемаларды уюштурганын мойнуна алып, коррупция үчүн соттолгон.

Бирок, сотко чейинки өндүрүш баскычында эле ал 2 миллиард сомдук зыяндын ордун толтуруп бергендигине байланыштуу, сот мурунку бажы кызматкерине 260 миң сом айып пул салып, эркинен ажыраткан жок.



3-ГЛАВА

# ПАРЛАМЕНТТИК ШАЙЛОО – 2020

Кыргызстанда парламенттик шайлоо 2020-жылдын 4-октябрында өттү. Ошол кездеги президент Сооронбай Жээнбеков менен байланышы бар «Биримдик» партиясы жана таасирдүү мурдагы бажы кызматкери Райымбек Матраимовдун үй-бүлөсү колдогон «Мекеним Кыргызстан» партиясы фаворит катары айтылып жаткан.

Шайлоо алдындагы мезгилде маалыматка жетүүнү чектөөнүн бир нече учурлары катталган, ал эми шайлоо күнүнүн өзү журналисттерге кол салуу учурлары, добуш берүү участкаларында болуп жаткан окуяларды чагылдырууга тоскоолдук жараткан фактылар менен коштолгон.

## ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ ЧЕКТӨӨЛӨР

Шайлоо алдындагы мезгил маалыматка жетүүнү чектеген бир нече учурлар менен коштолгон. Тактап айтканда, ЭлТР мамлекеттик телеканалы «Азаттык» радиосунун бийликтеги партияларды сындаган берүүлөрүн көрсөтүүдөн бир нече жолу баш тарткан. Басылмалардын ортосунда берүүлөрдү көрсөтүү тууралуу келишим түзүлгөн – мамлекеттик телеканал акынын негизинде «Азаттыктын» журналисттери даярдаган берүүлөрүн эфирге чыгарып келген.

Эфирден чыгарбай коюунун себебин ЭлТРдин жетекчилиги программада «Биримдик» партиясынын өкүлүнүн пикири айтылбаганы менен түшүндүрдү. «Азаттыктын» эфиринде эксперттер партиянын лидери Марат Аманкуловдун орусиялык депутаттар менен жолугушууда «Кыргызстан ойлонуп, кайра кайтууга убакыт келди» деп айтканын талкуулашкан. Анын билдирүүсү активисттердин жана кыргыз элинин бир бөлүгүнүн нааразылыгын жаратып, алар Кыргызстандын эгемендүүлүгүн колдоп митингге чыгышкан.

2020-жылдын сентябрынын аягында БШК Next TV телеканалындагы талкуу программаларына жана шайлоо алдындагы программаларга аналитикалык талдоо жүргүзгөн берүүлөргө тыюу салуу боюнча талаштуу чечим кабыл алды. Редакция партия өкүлдөрүнө эфир убактысын акысыз берүүнү көздөгөн, бирок БШК телеканалдын аракеттерин шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн эрежелерин бузуу катары бааласа болот деген тыянакка келген. Анткен менен үч күндөн кийин БШК тыюу салууну кайра карап чыгып, Next TV телеканалына ушул темалар боюнча эфир уюштурууга уруксат берди.

**«Медиа Полиси Институтунун» комментарийи**

*«Медиа Полиси Институту» БШК менен ЭлТРдин мындай аракеттерин маалыматтын жеткиликтүүлүгүнө негизсиз жана өлчөмсүз чектөөлөр катары баалайт, мындай аракеттер таза шайлоону камсыз кылуу жана жарандардын өз каалоосун эркин билдирүү максаттарына каршы келет.*

*Шайлоо алдындагы мезгилде шайлоочу талапкерлер, саясий партиялар, программалар, шайлоо өнөктүгү жөнүндө мүмкүн болушунча көбүрөөк маалыматка муктаж – бул маалыматка жетүүгө болгон конституциялык укук. «КР Президентин жана КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР конституциялык мыйзамынын мазмуну талапкерлерге маалымдоонун алкагында эфир убактысын берүүгө тыюу салбайт.*

*Өз кезегинде «Азаттык» бул талкууга катышуу үчүн «Биримдик» партиясынын өкүлдөрүнө кайрылганын, бирок акыр соңунда алар эфирге чыга албай калганын билдирди. «Медиа Полиси Институту» ЭлТР менен болгон чырды эфир убактысын берүү тууралуу түзүлгөн макулдашуунун негизинде чечүүнү сунуштады. Шайлоодон бир нече ай өткөндөн кийин мамлекеттик телеканал «которулуп берилген контентти көрсөтүү үчүн прайм-тайм убактысын алуунун негизинде» деген жүйө келтирип, «Азаттык» менен кызматташтыкты токтотту.*



СӨЗ ЭРКИНДИГИНИН ЖАНА МААЛЫМАТКА ЖЕТҮҮ УКУКТАРЫНЫН БУЗУЛУШУНА ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МОНИТОРИНГ

Добуш берүүгө саналуу күндөр калганда, 1-октябрда «Инстаграмда» One Million Kyrgyz Stories (OMKS) баракчасы бөгөттөлгөн. Буга себеп болду деген версиялардын бири – пабликтин аккаунтунда Матраимов башында турган «Мекеним Кыргызстан» партиясына карата сынчыл маалыматтар жарыяланып турган. Парламенттик шайлоого дээрлик бир жыл калганда мурдагы бажычы «Азаттык» радиосу, Kloop.kg жана OCCRP жүргүзгөн журналисттик иликтөөлөрдүн негизги фигурасына айланган эле.

## ШАЙЛОО КҮНҮНДӨГҮ КОЛ САЛУУЛАР

Шайлоо күнү, 4-октябрда, журналисттерге кол салуу жана басылмалардын кызматкерлерине шайлоо участкаларында добуш берүүнүн жүрүшүн чагылдырууга тоскоолдук кылуу аракеттери боюнча бир нече факт катталды.

Ушундай бир нече окуя Ошто болгон, анда журналисттерди шайлоо участкаларынын аймагына киргизбей коюшкан, ал эми укук коргоо органдары ЖМКга тоскоол болгон адамдарга эч кандай чара көрүшкөн эмес.

Мисалы, Kloop.kg басылмасынын оператору Хамидулло Узаковго кол салуу болгон – белгисиз адамдар анын телефонун тартып алышкан, ал эми бул кол салууга күбө болгон милиция кызматкерлери эч кандай чара көргөн эмес. Кийинчерээк, журналисттер милицияга арыз жазып, тергөө тобунун келишин күткөндө телефонду кайтарып беришкен.

Дагы бир окуя Таласта катталган – белгисиз аял «Азаттык» радиосунун операторунан видеого тартпоону талап кылып, камераны чаап жиберген. Бул маалда «Азаттыктын» журналисти каттоого турган жери боюнча эмес, каалаган участокто добуш берүүгө мүмкүнчүлүк берген №2 форманын айынан шайлоо участогунда узун кезек пайда болгонун айтып берип жаткан эле.

Добуш берүү күнү түштөн кийин БШК шайлоону чагылдыруу учурунда журналисттердин укуктары бузулганын мойнуна алды.

««Журналисттерди шайлоо участкаларына киргизбей койгон учурлар болду. Учурда мен билгенден суроо алынып салынды, бирок журналисттердин укуктары бузулган фактылар болду. Биз, албетте, аларды териштиребиз», - деди БШКнын мүчөсү Атыр Абдрахматова».

<u>*БШК шайлоонун жүрүшүндө журналисттердин укуктары бузулганын мойнуна алды*</u> */ Азаттык Радиосу*



Фото: Азамат Иманалиев



4-ГЛАВА

# ТОЛКУНДООЛОРДОН КИЙИН БИЙЛИКТИН АЛМАШУУСУ

2020-жылдын 4-октябрындагы парламенттик шайлоонун баштапкы жыйынтыктары Бишкекте добуш берүүнүн жүрүшүнө нааразы болуп көчөгө чыккандар менен укук коргоо органдарынын ортосунда кагылышуусуна алып келди.

Кагылышуулардын натыйжасында негизги өкмөттүк имараттар басып алынып, камакта отурган бир нече саясатчы бошотулду, ал эми шайлоонун жыйынтыктары шашылыш түрдө жокко чыгарылды.

Абактан бошотулгандардын бири – мурдагы депутат Садыр Жапаров – учурдан пайдаланып, өзүнүн тарапкерлери менен бирге бийлик үчүн күрөшө баштады. Кыргызстан иш жүзүндө бийликсиз калган маалда Жапаров оппозициянын координациялык кеңешинен демилгени илип кетип, адегенде аны премьер-министрдин милдетин аткаруучу кылып, көп өтпөй президенттин милдетин аткаруучу кылып дайындоого жетише алды.

Саясий туруксуздуктун жана башаламандыктын мезгилинде журналисттерге кол салуу жана маалыматка жетүүнү чектөө боюнча ондогон учурлар катталды.

### Эркиндикти жана маалыматка жетүү укугун чектөөлөр

2020-жылдын март айынан 2021-жылдын май айына чейинки мезгилде маалыматка жетүү укугуна чектөө киргизген жагдайлар. Бул мезгил аралыгында жалпысынан 69 ушул өңдүү кабар катталган.




Булак: "Медиа Полиси Институтунун" өз санагы. • Datawrapper менен түзүлгөн Datawrapper

## ЖУРНАЛИСТТЕРГЕ КОЛ САЛУУЛАР ЖАНА АЛАРДЫ КОРКУТУП-ҮРКҮТҮҮ АРАКЕТТЕРИ

5-октябрдын кечинде «Настоящее время» басылмасынын оператору Айбол Кожомуратов «Пресса» деген жазуусу бар жилетти кийгенине карабастан, атайын бөлүктүн кызматкери аны көздөй ок чыгарган учурду видеого тартып алган.

> «Журналисттин айтымында, коопсуздук кызматкери анын караңгыда көрүнүп турган жилет кийгенин, жарыктандырылган жерде туруп видеого тартып жатканын көргөн. Бирок атайын бөлүктүн кызматкери баары бир ага карай ок чыгарган. «Башымдын үстүнөн бир нерсе учуп өттү, чачым менен сездим. Дагы бир миллиметр болгондо ок башына тиймек. Мен жабыркаган жокмун»,- деди Кожомуратов».
>
> Бишкектеги башаламандык. Атайын бөлүктүн кызматкери журналистти атты / *24.kg*

6-октябрга караган түнү Vesti.kg'нин журналисти Эльдос Казыбеков демонстранттар менен милиция бири-бирине таш ыргытып жаткан маалда кагылышуулардын чордонунда калганын билдирди. Анын айтымында, Казыбеков өзүн журналистмин деп тааныштырганына карабай, милиция кызматкерлеринин бири ага таш ыргыткан.





> «Мен митингчилерден 100 метр алыстыкта болчумун. Анан милиция кызматкери жиндениp, бул жерден кетишимди талап кыла баштады. Мен ага журналист болгонумду, өз ишимди жасап жатканымды түшүндүрдүм. Жыйынтыгында ал мага таш ыргытты, бирок таш мага тийген жок»,-деди журналист».
>
> Vesti.kg'нин журналисти Эльдос Казыбековго милиция таш ыргытты / *Kaktus.Media*

Жаңжал чыккан түнү 24.kg басылмасынын кызматкери Руслан Харизов да милициянын мыйзамсыз аракеттери тууралуу кабарлаган. Анын айтымында, журналист окуя болгон жерден түз эфир жүргүзүп жатканда милиционер анын телефонун тартып алган.

> ««Күч блогунун кызматкери мага келип, мен тасмага тарткан үчүн өлкөдө ушундай башаламандык болуп жатканын айтты. Анын журналисттик ишмердүүлүккө кийлигишүүгө укугу жок», - деди Руслан Харизов».
>
> «Бишкектеги башаламандык. Милиция кызматкерлери 24.kg маалымат агенттигинин журналистинин телефонун тартып алышты» / *24.kg*

Кол салуу тууралуу кабарлар милиция кызматкерлерине тиешелүү болбогон учурлар да катталды. Govori TV телеканалы Башкы прокуратуранын алдындагы митингди чагылдырып жаткан. Ошол маалда белгисиз демонстранттар журналисттерге кол салып, алардын биринин микрофонун сындырып салышкан.

Эртеси Кыргызстандын медиа коомчулугу билдирүү таратып, тараптарды журналисттердин ишмердүүлүгүнө кийлигишпөөгө чакырды.

> «Митингдерди чагылдыруу учурунда көз карандысыз ЖМКнын ишмердүүлүгү маанилүү максатты көздөйт – жарандардын укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына түздөн-түз таасир этүүчү сапаттуу жана тең салмактуу маалымат менен камсыз кылуу».
>
> Журналисттер бардык тараптарды өз ишмердүүлүгүнө тоскоолдук кылбоого чакырат / *24.kg*

Бирок бул кайрылуу чыккандан кийин да журналисттерге кол салуу токтогон жок. 5-октябрдан кийинки бир нече күндүн ичинде ар кандай басылмалардын кызматкерлерине, негизинен, демонстранттар жана бошотулган саясатчы Садыр Жапаровдун тарапташтары кол салышты.

Ошентип, Kaktus.Media, «Азаттык радиосу», «Спутник Кыргызстан», 24.kg, Vesti.kg, Kloop.kg, КТРК жана ЭлТРдин кызматкерлери кол салууларга жана коркутууларга дуушар болушкан.

Садыр Жапаровдун тарапкерлеринин демонстрациясы учурунда митингчилер «журналисттер [окуяларды] туура чагылдырсын» деп талап кылышты. Мына ушундай митингдердин биринде «Азаттык» радиосунун кызматкеринин бутуна тээп, колунан тартып, редакцияга келээрин айтып коркутушкан.

«Спутник Кыргызстандын» редакциясы белгисиз адамдар басылманын кеңсесине келип, эгер журналисттер Садыр Жапаровду колдогон митингди чагылдырбаса, жооп берип калаарын айтып коркутушканын билдирди. Кийинчерээк саясатчы өзү бул белгисиз адамдарды «чагымчылар» деп атап, таанымбай турганын билдирген. Бирок журналисттерди коркуткандардын бири Жапаровду колдогон митингди алып барып жатканы белгилүү болду.

Журналисттерге кол салуу Бишкекте эле эмес, Ошто да орун алды. 6-октябрда «Азаттык» радиосунун кызматкери Дастан Үмөтбай уулу Оштун борбордук аянтындагы демонстрацияны чагылдырып жатканда «агрессивдүү маанайдагы жарандар» кол салышкан.

Жапаров 10-октябрда «Ала-Арча» мамлекеттик резиденциясында өткөн басма сөз жыйынында «журналисттер балким бурмаланган маалымат таратып жаткандыктан коркутуу болуп жатканын» айтты.

««Мен өзүм да ушундай кабарларды окудум, силер кээ бир маалыматтарды бурмалап жатасыңар. Балким ошондон улам башка ЖМКга тийишкен жок, ал эми силерге коркутуулар болуп жатат»,- деди Жапаров».

*Премьер-министрдин милдетин аткаруучу Жапаров журналисттер бурмаланган маалымат жарыялаганы үчүн анын тарапкерлери коркутуп жатат деп эсептейт / Kloop.kg*





## МАМЛЕКЕТТИК ЖМКДА ЖЕТЕКЧИЛИКТИН АЛМАШУУСУ

Кыргызстанда бийлик алмашкандан кийин мамлекеттик телеканалдарда жана басылмаларда да өзгөрүүлөр болду.

6-октябрда КТРКнын башкы директору жана «Пирамида» телеканалынын жетекчилиги кызматынан кетишти, ошондой эле журналисттер «Бешинчи каналды» басып алуу аракети тууралуу жазып чыгышты.

7-октябрда «Кабар» мамлекеттик маалымат агенттигине «белгисиз адамдар» келишкен, бирок алар ыктыярдуу кошуундун мүчөлөрү келгенден кийин имараттан чыгып кетүүгө аргасыз болушкан.

16-октябрда ЭлТР телеканалынын жетекчилиги алмашты, бирок жамаат жаңы жетекчи Шаиста Шатманованы кабыл алган жок, ошентип эки жумадан кийин жаңы директор Эрлан Догдурбеков дайындалды.

19-октябрда премьер-министрдин милдетин аткаруучу Садыр Жапаровдун чечими менен өкмөттүк «Эркин-Тоо» гезитинин башкы редактору Дыйканбек Керимбаев кызматынан алынды.

Кийинки жылдын январь айында кызматтан кеткенден кийин «Бешинчи каналдын» мурдагы башкы директору Эрнис Кыязов «Фейсбуктагы» баракчасына көлөмдүү пост жазды. Бул пост мамлекеттик маалымат каражаттарында орун алмаштыруунун бир өңүтүн ачкандай болду.

Кыязов постун «Бешинчи каналдын» жаңы башкы директору, Кыргызстандын атайын кызматынын мурдагы басма сөз катчысы Рахат Сулаймановго кайрылуу түрүндө жазган. Кыязовдун кайрылуусунун негизги идеясы – телеканалдын жаңы жетекчиси президенттик аппарат эфирдин мазмунуна таасир этерин унутпашы керек.

Кыязовдун айтымында, «Бешинчи каналдын» эфирине бийликке жан тартпаган жана сынчыл маанайдагы саясатчылар менен депутаттарды чакырганы Садыр Жапаровдун тушундагы президенттик аппаратка жаккан жок.

««Ак үйдөгү «чоң кишилерге» менин Садыр Жапаровдун жакшы жактары жөнүндө айтканым жакты, бирок анын кемчиликтери жөнүндө айтканым такыр жаккан жок»,- деп жазды Кыязов».

*«5-каналдын» экс-башчысы президенттин аппараты ЖМКлардын ишине кийлигишип жатканы тууралуу айтып берди / Kloop.kg*

Сулайманов башкы директорлукка дайындалгандан бир нече ай өткөндөн кийин телеканалдын жамааты редакциялык саясатка макул эместигин, басылманын кызматкерлерине кысым көрсөтүлүп жатканын айтып, аны жетекчилик кызматтан четтетүүнү талап кылып, ачык кайрылуу жасашты.

## ИНТЕРНЕТТИ ЧЕКТӨӨ

5-октябрдагы кагылышуу учурунда толугу менен кыргыз өкмөтүнө таандык болгон «Альфа Телеком» («Мегаком» бренди) уюлдук операторунун абоненттери мобилдик интернет үзгүлтүккө учураганын айтышкан. Уюлдук оператор «тейлөөнү жакшыртууга багытталган профилактикалык жумуштар жүрүп жаткандыктан интернет үзгүлтүккө учураганын» билдирди.

Ушул өңдүү, бирок анча олуттуу эмес байланыш көйгөйлөрү Кыргызстандын башка уюлдук операторлорунда да байкалган.

Митингчилердин айрымдары байланыштын үзгүлтүккө учурашын мобилдик интернет аркылуу митингдерди уюштурууга тоскоол болуу үчүн маалыматка жетүүнү чектөө аракети катары баалашты.

**«Медиа Полиси Институтунун» комментарийи**

*«Медиа Полиси Институту» «Альфа Телекомдун» ошол кездеги аракеттерин жарандардын укуктарын бузуу катары баалайт – Конституция ар бир адамга маалымат алуу жана тынч чогулуу эркиндигин кепилдейт. «Альфа Телекомдун» иш-аракеттери зарыл болгон учурда жарандарды тез медициналык жардамсыз калтырууга алып келиши мүмкүн эле.*



5-ГЛАВА

# ЖАҢЫ БИЙЛИК, ЖАҢЫ ЧЕКТӨӨЛӨР

Бийликке келгенден кийин президенттин жана премьер-министрдин милдетин аткаруучу Садыр Жапаров сөз эркиндигине кепилдик берерин билдирип, ЖМК менен мамиледе мунаса табууга аракет кылды, бирок ошол эле учурда басылмалар «маалыматты туура жеткириши керектигин» эскертти.

Ошол эле учурда Жапаров дагы бир жолу «Азаттык» радиосу «анын бардык сөздөрүн бурмалап жатат» деп нааразы болду.

> ««Акыркы 7-8 жылдан бери «Азаттыкты» тынбай угат элем, бир күнүн калтырбайт элем. Акыркы бир айдан бери уга элекмин. Өткөндө убакыт боло калып, бир сааттык [эфирин] уктум. Абдан катуу сындап жатат. Менин сөздөрүмдүн баарын эптеп-септеп бир жеринен бурмалап алып туруп, башкача ойдо элге жеткирип жатат. Бул туура эмес»,- деди Жапаров»
>
> *Жапаров «Азаттык» анын сөздөрүнүн маанисин бурмалап жатканын билдирди / Kloop.kg*

Ошол эле билдирүүдө президенттин милдетин аткаруучу 2020-жылдын октябрындагы башаламандык учурунда Бишкектеги бир нече басылмаларга кол салуу менен эсте калган өз тарапкерлеринин аракеттерин көзөмөлдөй албастыгын айтты.

Жапаровдун айткандары кыргыз медиа коомчулугунун реакциясын жаратты, алар Жапаровдун айткандары Кыргызстандагы басма сөз эркиндигине коркунуч келтириши мүмкүн деген кооптонуусун билдиришти.

Бирок, президенттин милдетин аткаруучунун басма сөз катчысы Галина Байтерек буга жооп кылып, Жапаров эркин прессаны «демократиялык мамлекеттин ажырагыс бөлүгү жана анын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн факторлорунун бири» деп эсептээрин айтты.

««Буга байланыштуу айрым медиа уюмдардын кооптонуусу негизсиз. ЖМК ар кандай теманы калыс чагылдырып, маалыматты коомчулукка тең салмактуу жеткириши керек»,- деди басма сөз катчы».

*Садыр Жапаровдун басма сөз катчысы медиа коомчулуктун билдирүүсүнө жооп кайтарды / 24.kg*

## ЖАҢЫ КОНСТИТУЦИЯ ЖАНА ЖМК ҮЧҮН ТОБОКЕЛДИКТЕР

Жапаровдун убадаларынын бири президенттин жоопкерчилигин жана ыйгарым укуктарын кыйла көбөйтүүчү жаңы Конституцияны кабыл алуу болду.

Биринчи жолу анын долбоору 17-ноябрда өкмөттүн сайтында жарыяланган – ошол эле учурда жергиликтүү басылмалар бул долбоордо ЖМКнын эркиндигине олуттуу таасир тийгизе турган ченемдер камтылганын байкашкан. Атап айтканда, ченемдердин биринде «жалпы таанылган адеп-ахлактык баалуулуктарга, Кыргызстан элинин салттарына жана эл аралык стандарттарга каршы келген» басылмаларга тыюу салуу каралган. «Конституциядагы «адеп-ахлактык баалуулуктар жана каадасалттар» жөнүндө мындай бүдөмүк туюндурма ЖМК менен байланышкан кырдаалган терс таасирин тийгизиши мүмкүн» деп билдирди Норвегиянын Хельсинки комитетинин эл аралык укук коргоочулары.

«Кыргызстандагы адамдардын баалуулуктарын жана салттарын сыйлоо керек экени турган иш, - деп белгиледи Норвегиянын Хельсинки комитетинин саясат боюнча улук кеңешчиси Ивар Дале. - Бирок, «Кыргызстан элинин адеп-ахлагына жана маданиятына зыян келтирген» басылмаларга тыюу салуу ошол эле элдин сөз эркиндигине болгон укуктарын олуттуу түрдө буза турган Пандоранын кутусун ачуу дегенди билдирет».

*Конституцияга түзөтүүлөр сөз эркиндигинин чебине коркунуч келтириши мүмкүн / 24.kg*





Ошол эле учурда, ар кандай саясатчылар, активисттер жана журналисттер президенттин ыйгарым укуктарын кеңейтип жатканы үчүн Конституциянын долбоорун какшыктап «Ханституция» деп сындаганы үчүн коркутуп-үркүтүүлөр жана опузалар болуп жатканын кабарлай баштаттшы.

«Ата Мекен» партиясынын лидери Өмүрбек Текебаев «Азаттык» радиосунун берүүсүндө Конституциянын жоболорун сындаганы үчүн ага асылгандар болду. Оппозициялык саясатчы өлкөнүн негизги мыйзамынын долбоорун «түрү суук» деп баалап, ал эми долбоордун авторлорунун бири, президенттик аппараттын жетекчисинин орун басары Бектур Зулпиевге «эч ким эмессиң» деди.

««Сен (Зулпиев) [Садыр] Жапаров менен [УКМКнын төрагасы Камчыбек] Ташиевди алдашың мүмкүн, бирок юристтерди алдай албайсың, элди алдай албайсың, тарыхты алдай албайсың! Силерге окшогондордун айынан... [2010-жылдын апрелинде кулатылган президент Курманбек] Бакиев кайда? Жапаровду ошол жолго түртүп жатасың»,- деди Текебаев».

*Текебаев Зулпиевге: Сен Жапаровду алдашың мүмкүн, бирок элди алдай албайсың / Kloop.kg*

Ушул берүү чыккандан бир нече күн өткөндөн кийин, бир нече адам «Ата Мекендин» штабына келип, Текебаевден кечирим суроону талап кылышты – белгисиз адамдар 15 мүнөт кыйкырып турган соң тарап кетишти.

Коркутуп-үркүтүүлөр «Реформа» партиясынын лидери Клара Сооронкулованын дарегине да болду. Ошол маалда «Азаттык» радиосу бул асылууларды Садыр Жапаров жарыялаган видео менен байланыштырды, анда ал Конституциянын долбоорун сындагандарды «шылуундар» деп атаган эле.

««Саясатчылар өз шайлоочуларына үлгү болуп саналат, ошондуктан айрыкча расмий билдирүүлөрдү жасап жатканда маданиятты сактоого тийиш. Ар бир демократиялык өлкөдө дайыма оппозиция болот жана бийлик аны урматтайт. Бийлик каршылаштарын басынтып же кемсинтпеши керек, тескерисинче алардын билдирүүлөрүнө татыктуу жооп кайтарып, муну менен өз тарапкерлерин тартышы керек. Ал эми «булар шылуундар» деген сөздөр адамдын деңгээлинен кабар берет»,- деди Сооронкулова».

*Соцтармактарда опуза менен жалаа күчөдү / Азаттык радиосу*

Саясатчылар менен кошо журналисттер да сынга кабылышты – Канышай Мамыркулова социалдык тармактарда Конституциянын долбооруна сын көз карашы үчүн аны «эл душманы» деп атай баштаканын айтты. Ушундай эле кысым «Азаттык» радиосунун Бишкектеги кеңсесинин директору Айзада Касмалиевага, адвокат Сания Токтогазиевага жана журналист, актриса Назира Айтбековага да жасалды.

### «Медиа Полиси Институтунун» комментарийи

*Ушундай чабуулдардан улам «Медиа Полиси Институту» билдирүү таратып, анда бийликти сындаганы үчүн журналисттерге жана саясатчыларга каршы чабуулдар көбөйүп жатканына тынчсызданууусун билдирди. Уюмдун эксперттери саясатчылар бийликти сындагандарды куугунтуктоого жол бере турган атмосфераны түзбөшү керек деп эсептейт.*

*«Биз саясий лидерлер конституциялык укуктарын мыйзамдуу түрдө пайдаланган жана өз пикирин билдирген журналисттерди жана башка жарандарды кемсинтүүдөн баш тартуусун, ошондой эле өз тарапкерлеринин журналисттерге жана активисттерге интернет аркылуу коркутуп, асылуусун ачык жана шартсыз түрдө айыптоого чакырабыз.*

*Биз адам укуктарынын жалпы тарабынан таанылган принциптерин сактаган чыныгы укуктук мамлекетти куруу үчүн бардык саясий күчтөр Конституциянын талаптарын, эл аралык укуктун ченемдерин так сактоого жана бардык жарандарга өлкөдөгү саясий процесстерге карата пикирин тоскоолдуксуз жана башкалардын укуктарын урматтоонун алкагында эркин билдирүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш деп эсептейбиз».*

Конституциянын тегерегиндеги сын пикирлерден кийин президенттин милдетин аткаруучу, парламенттин төрагасы Талант Мамытов негизги мыйзамдын жаңы долбоорунун текстин талкуулоо үчүн Конституциялык кеңешмени түзүү жөнүндө жарлыкка кол койду. Ал маалда Садыр Жапаров президенттик шайлоого катышуу үчүн кызматын тапшырган эле.





2021-жылдын январында Жапаров президент болуп шайлангандан кийин бир нече апта өткөн соң Конституциянын долбоорунун компромисттик варианты жарыяланган, анда сөз эркиндигине жана маалыматка жетүүгө каршы келген карама-каршы жана бүдөмүк ченемдердин айрымдары алынып салынган.

Бирок, Конституциялык кеңешменин иши учурунда да, 2021-жылдын майында Конституциянын макулдашылган тексти кабыл алынганга чейин да активисттер жана сынчылар дагы бир нече жолу куугунтукка дуушар болушту.

Укук коргоо органдары юрист Сания Токтогазиевага жана активист Улан Үсөйүнгө кастарын тигип, ал эми мамлекеттик ЖМК мыйзамдуулукту талап кылып, анын ичинде Конституциянын жаңы долбооруна каршы апта сайын өткөрүлгөн жүрүштөрдү каралап жатты.

Сюжеттердин биринде КТРК марш тууралуу пикирди бурмалап, тынч маанайдагы иш-чараны каралоого аракет кылган. Кийинчерээк белгисиз себептерден улам бул видео КТРКнын YouTube каналынан өчүрүлгөн.

### «Медиа Полиси Институтунун» комментарийи

*Тынч чогулууга укук Конституция жана «Тынч чогулуштар жөнүндө»мыйзам менен кепилденген. Адам укуктары боюнча БУУнун комитетинин №37 жалпы тартиптеги комментарийинде тынч чогулуштарды өткөрүү укугу катышуучу мамлекеттерге аны басмырлоого жол бербестен урматтоого жана аткарылышын камсыздоого тийиштүү милдеттенме жүктөй турганы белгиленген.*

*Мамлекеттер катышуучуларга кандай максатты көздөп жатышканын же бул жолугушууда эмнени билдиргиси келгенин эркин аныктоо мүмкүнчүлүгүн берүүгө милдеттүү. Ошентип, бийликтин тынч жыйындарга карата мамилеси жана коюлган ар кандай чектөөлөр негизинен мазмунуна карата нейтралдуу болушу керек жана катышуучулардын өздүгү же бийлик менен болгон мамилеси менен аныкталбашы керек.*

Саясий активисттер Тилекмат Куренов, Жеңиш Молдокматов, Бекмурат Ооган уулу жана Камчы Нурбек уулу да Конституциянын жаңы долбооруна карата айткан сынга байланыштуу кармалган. Куреновго карата КР Жазык кодексинин 310-беренеси («Бийликти күч менен басып алууга ачык чакырыктар») жана 39-264 («Массалык башаламандыктарга аракет кылуу») беренелери боюнча сотко чейинки тергөө иштери башталды.

## ЭСКИ ЖАҢЫ ДЕМИЛГЕЛЕР

Конституциянын жаңы долбоору менен бирге, Кыргызстандагы сөз эркиндигине доо кетире турган эски демилге парламентте кайрадан көтөрүлдү – бул жалган маалымат таратууга тыюу салууну жана жоопкерчиликке тартууну караштырган «Маалыматты манипуляциялоо жөнүндө» мыйзам.

Буга чейин бул мыйзам долбооруна президент Сооронбай Жээнбеков кол койгон эмес, ал 2020-жылдын июль айында документти эксперттик коомчулукту тартуу менен кайра кароо үчүн парламентке жөнөткөн.

«Медиа Полиси Институтунун» 2020-жылдын июнь айында жүргүзгөн жеке талдоосу бул мыйзам долбоорунун ченемдери негизинен жалпыга маалымдоо каражаттарына цензураны киргизерин көрсөттү.

**«Медиа Полиси Институтунун» комментарийи**

*«Маалыматты манипуляциялоо» түшүнүгү мындай маалыматты алган адамга маалыматтык жана психологиялык таасир тийгизүү катары каралат. Албетте, ар кандай маалыматты таратууну бул туюндурмага киргизсе болот.*

*Мыйзамдар так жана түшүнүктүү болуп, белгилүү стандарттарга жооп бериши керек, жарандар бул мыйзамдын алкагында өз аракеттеринин ыктымалдуу кесепеттерин көрө алгыдай болушу керек. Жарандардын кесепеттерди алдын ала көрүүсүнө тоскоол болгон түшүнүксүз мыйзамдар, анын негизинде мыйзамсыз жана адилетсиз деп эсептеле турган укукту чектөөлөргө алып келет. Анын үстүнө мындай бүдөмүк мыйзамдар ыйгарым укуктуу органдардын чечимдерин өзүм билемдик менен, же өз каалоосу боюнча, же саясый «максатка ылайыктуулукка» жараша кабыл алууга алып келет.*

*Соттун чечими менен эмес, ыйгарым укуктуу органдын чечими менен «жалган» маалыматка жетүүнү чектөөнүн сунушталган механизми Конституцияда жана Кыргызстан катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдерде жазылган сөз эркиндигинин жана пикир билдирүү эркиндигинин кепилдиктерин одоно түрдө бузуу болуп саналат.*

*КР Конституциясынын эл аралык стандарттарына жана ченемдерине ылайык укукка ар кандай кийлигишүү мыйзам менен аныкталууга жана мыйзам бузууларга өлчөмдөш мыйзамдуу максатты көздөөгө тийиш.*

*Долбоордо сунушталган чечимдер атайылап сөз жана пикир билдирүү эркиндигине болгон адам укуктарын одоно бузууга багытталган. Сунушталган долбоор маңызы боюнча мыйзамдар менен тыюу салынган цензуранын бир түрүн белгилейт.*

2021-жылдын 31-майында парламентте регламентти жана мөөнөттөрдү бузуу менен, мыйзам долбоорунун демилгечилеринен, президенттик аппараттан, министрликтердин жана атайын кызматтардын өкүлдөрүнөн макулдашуучу топ түзүлгөн.

Документтин жаңы редакциясынын аталышы «Такталбаган (жалган) маалыматтан коргоо жөнүндө» мыйзам долбоору болуп өзгөргөн, бирок иш жүзүндө анын мазмуну жана Конституцияга, эл аралык келишимдерге жана сөз эркиндигине карата карама-каршылыгын сактап калган. Мыйзам долбоорунун пайдасы жана зыяны тууралуу коомдук талаш-тартыштардан кийин, ал 2021-жылдын 30-июнунда парламент тарабынан четке кагылган.

Бирок, үч жумадан кийин президент Садыр Жапаров депутаттарды жолугушууга чакырып, «Такталбаган (жалган) маалыматтан коргоо жөнүндө» мыйзам долбоорун колдоону сурангандыгы ЖМКдан белгилүү болду.

Документ Жогорку Кеңештин регламенти бузулганына карабай, ошол эле жылдын 28-июлунда кайрадан добуш берүүгө коюлган. Жыйынтыгында президент менен макулдашылган мыйзам долбооруна 97 депутат добуш берди. 23-августта Садыр Жапаров мыйзам долбооруна кол коюп, андан кийин ал күчүнө кирген.

**«Медиа Полиси Институтунун» комментарийи**

*«Медиа Полиси Институту» бул документти кабыл алуу учурунда буга чейин четке кагылган мыйзам долбоорлорун кайра кароонун жол-жобосу бузулган деп эсептейт. Ошентип, Жогорку Кеңеш бул документ четке кагылгандан бир айдан кийин эле мыйзамдуу түрдө ага добуш бере алмак эмес.*

*Парламенттин регламентинде четке кагылган мыйзам чыгаруу демилгелерин кайра кароо алты айдан кийин гана мүмкүн экендиги белгиленген. Бул «Такталбаган (жалган) маалыматтан коргоо жөнүндө» мыйзам долбоору 2022-жылдын январында гана добушка коюлса туура болмоктугун билдирет.*

*Комментарийди толугу менен бул шилтемеден таба аласыз.*

## «САЯСИЙ КАСТЫК» ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМ ДОЛБООРУ

2021-жылдын апрелинде Кыргызстандын Ички иштер министрлиги «саясий кастыкты козутуу» түшүнүгүн кошуу максатында Жазык кодексине өзгөртүүлөрдү иштеп чыккан. Документте бул термин эмнени билдирери түшүндүрүлгөн эмес.

Адвокаттар менен укук коргоочулар каршы чыгып, кодекстеги мындай туюндурма оппоненттерди саясий куугунтуктоо үчүн себеп болуп калышы мүмкүн экенин айтып чыгышты.

«Медиа Полиси Институту» бул түзөтүүлөргө талдоо жасады, аны менен сайттагы шилтемеден тааныша аласыз.

*«Саясий кастык» түшүнүгүнүн юридикалык аныктамасынын жоктугу бул ченемди талаптагыдай жүзөгө ашырууга чоң коркунуч жаратып жатат. Себеби бул ченем тактык, айкындуулук жана алдын-ала болжолдоо талаптарына жооп бербей турат. Сунуш кылынган өзгөртүү коомдук мааниси чоң маселелер боюнча ар кандай кызуу саясий талкууну «саясий кастык» катары кылмыш жоопкерчилигине квалификациялоого мүмкүнчүлүк берүүдө. Ошол себептен мындай учурларда ченемди талаптагыдай квалификациялуу түрдө колдонуу мүмкүн болбойт.*





*Ушул кемчиликтен улам укук коргоо органдары «саясий кастыкка» байланыштуу иш-аракеттерге баа берип жатканда, иш жүзүндө аны өзүм билемдик менен чечмелешет. Бул сөзсүз түрдө адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктерин жүзөгө ашырууга орунсуз жана пропорционалдуу эмес кийлигишүүгө алып келет. Бул жерде адамдын абийир жана дин эркиндиги, сөз эркиндиги, маалыматты ар кандай мыйзамдуу ыкмалар менен эркин издөө, алуу, берүү, өндүрүү жана жайылтуу укугу, тынч, куралсыз чогулуу укугу, жыйындарды, митингдерди, демонстрацияларды жана жүрүштөрдү өткөрүү укугу жөнүндө сөз болууда.*

*«Медиа Полиси Институтунун» толук анализи шилтемеде.*

Ошол эле жылдын май айынын этегинде парламент каршы пикирлерге макул болуп, өзгөртүүлөрдүн текстинен саясий кастык жөнүндөгү сөздөрдү алып салганы белгилүү болду.



Фото: Бакыт Торогелди уулу



6-ГЛАВА

# ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМДАР

2021-жылдын биринчи жарымы Кыргызстанда бир нече шайлоо процесстери менен эсте калды: 10-январда президенттик шайлоо жана башкаруу формасы боюнча референдум өттү; 11-апрелде Кыргызстандын бир катар облустарында жана шаарларында жергиликтүү кеңештерге шайлоо жана Конституциянын жаңы долбоору боюнча референдум болду.

Бул мезгилдер сынчыларды, жаңы бийликтин саясаты жана пландары менен макул болбогондорду куугунтуктоо менен коштолгон.

Президенттик шайлоонун алдында «Саясий репрессияларга каршы туруу комитети» коомдук уюму сөз эркиндигине жана ЖМКга кысым көрсөтүү тууралуу билдирүү таратты.

Уюмдун төрагасы Адил Турдукуловдун айтымында, шайлоонун алдында терс тенденциялардан кабар берген бир нече окуя орун алды: Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн президенттикке талапкерлерди дебат маалында сындоого тыюу салуу аракети; мамлекеттик ЭлТР телеканалынын «Азаттык» радиосунун берүүлөрүн көрсөтүүдөн баш тартуусу; жана көрүүчүлөр бийликке келген Садыр Жапаровго жана анын тарапташтарына окшоштурушу мүмкүн «Үч пахан» сатиралык концертинен кийин оштук куудулдарды суракка чакыруу.

«Мунун баары келечекте президенттик шайлоонун мыйзамдуулугуна, алардын жыйынтыктарын таанууга же шайлоо жарышынын башка катышуучулары менен алардын тарапкерлери, эл аралык коомчулук жана акырында Кыргызстандын бардык жарандары тарабынан таанылбоого түздөн-түз таасирин тийгизет»,-деп жыйынтыктады комитет»

*Активисттер президенттик шайлоо алдында жалпыга маалымдоо каражаттарына жана сөз эркиндигине кысым көрсөтүлүп жатканын билдиришти / Kaktus.Media*

Шайлоо күнү журналисттерди шайлоо участкаларына киргүүгө тыюу салган же тоскоолдук кылган бир нече учур катталган.

Шайлоодон кийин президент Алмазбек Атамбаевдин убагында УКМК-нын мурдагы төрагасы, президенттикке талапкер Абдил Сегизбаевдин штабынын кызматкерлери куугунтукка алынган. Шайлоонун фонунда ачылган Сегизбаевге байланыштуу иш боюнча бир кызматкер суралды. Штабдын дагы эки кызматкери социалдык тармактардагы анонимдүү билдирүүдөн улам тинтүүгө алынды – атайын кызматтар алар «улуттар аралык жана аймак аралык кастыкты козутуу» үчүн бул постту чыгарды деп шектеништи. Иш козголгондон көп өтпөй штабдын кызматкерлеринин бири Кыргызстандан чыгып кеткен.

«Апрель» телеканалынын журналисти Канат Каниметов да суракка чакырылган. Социалдык тармактарда пост жазганы үчүн ага карата КР-нын Жосундар тууралуу кодексинин 119-беренеси («Майда бейбаштык») боюнча кылмыш иши козголгон. Каниметов блогер Юлия Барабинанын үйүндө тинтүү жүргүзүлгөндүктөн бийликти сындап чыккан. Акыры, тергөөнүн жыйынтыгы боюнча, милиция кылмыштын жана жосундун курамы жоктугуна байланыштуу сотко чейинки өндүрүштү токтотту.

Дагы бир талапкер Клара Сооронкулова президенттик шайлоого катышарын жарыялагандан кийин басымга кабылып, коркутууларга дуушар болгонун шайлоодон кийин билдирди.

««Мыйзамга ылайык, эгер мындай белгилер болсо, анда алар [укук коргоо органдары] сөзсүз түрдө реакция кылышы керек болчу. Бирок, чынын айтканда, мен алар тараптан реакция болоруна көзүм жеткен жок, анткени Садыр Жапаров шайлоого барар алдында бардык негизги кызматтарга өз адамдарын коюп кеткен»,- деди ал».

*Клара Сооронкулова: Мага болгон коркутуулар онлайндан оффлайнга өтүп кетти / Kloop.kg*

Апрелде жергиликтүү кеңештерге шайлоо жана жаңы Конституциянын долбооруна добуш берүү алдында КТРК өлкөнүн негизги мыйзамынын кабыл алынышына каршы демилгелүү топ менен болгон дебаттын жазуусун жарыялабаган учур катталды.

Конституциянын каршылаштары муну өлкөнүн башкы телеканалы тарабынан мыйзам бузуу катары баалашты, бирок Борбордук шайлоо комиссиясы мыйзамсыз эч нерсе тапкан жок.



СӨЗ ЭРКИНДИГИНИН ЖАНА МААЛЫМАТКА ЖЕТҮҮ УКУКТАРЫНЫН БУЗУЛУШУНА ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МОНИТОРИНГ

Ошто добуш берүү күнү эле шайлоо участкаларында добуш берүү процессин видеого тартып жүргөн журналисттерге кол салуу боюнча бир нече учур катталды. Белгисиз аял Kloop.kgнин журналистинин телефонун тартып алган. Экинчи учурда полиция участкалардын биринде шайлоонун кантип өткөнүн видеого тартып жаткан Eldik.Mediaнын журналистти алып кеткен.




7-ГЛАВА

# СОЦТАРМАКТАРДАГЫ ФЕЙКТЕР АРКЫЛУУ ТААСИР ЭТҮҮ

Отчеттук мезгилде социалдык тармактарда жасалма түрдө түзүлгөн аккаунттардын активдүүлүгү да байкалды – тигил же бул тарапты колдоп комментарий калтыруу менен коомдук пикирге таасир этүүгө аракет кылган фейктер (же тролдор) көбөйдү.

Адатта, фейк аккаунттардын мындай топтору (тролдор фабрикасы) айрыкча шайлоо алдындагы мезгилде, саясатчыга же партияга колдоо көрсөтүүнү камсыз кылуу зарыл болгон учурда активдүү болушкан.

2020-жылы өтпөй калган парламенттик шайлоого чейин фейктердин көбү бийликчил «Мекеним Кыргызстан» жана «Биримдик» партиялары тууралуу оң маанайдагы пикирлерин жазып келишкен.

«Мекеним Кыргызстандын» башында турган, мурдагы бажы кызматкери Райымбек Матраимов социалдык тармактарда жасалма колдоону көп пайдаланган саясатчылардын бири. Тактап айтканда, журналисттер анын аткезчилик товарлар, арам акчаны адалдоо жана Кыргызстанда да, чет өлкөдө да кантип пайда болгону белгисиз байлыгы бар экенин аныкташкандан кийин фейктердин активдүүлүгү күчөгөн.

Бирок, фейктер коргоп эле тим болбостон, аларды калкалагандардын каршылаштарына да активдүү чабуул коюшкан. Ошентип, чабуулга азыркы бийликти сындаган журналисттер жана редакциялар, айрым саясатчылар жана активисттер кабылышкан.

2020-жылдагы парламенттик шайлоо учурунда – добуш берүүгө чейин жана андан кийин – «Медиа Полиси Институту» «Клоoптун» журналисттери менен бирдикте мындай фейктердин тобунун активдүүлүгүн изилдеп, «Фейсбукта» бийликти колдогон жана оппоненттеринин кадыр-баркын түшүргөн 400дөн ашык аккаунтту аныктап чыкты. Социалдык тармактын администрациясына арыздангандан кийин бул аккаунттардын көбү өчүрүлгөн.

2020-жылдын октябрында бийлик алмашкандан кийин «троллдордун фабрикалары» президент болгон Садыр Жапаров баш болгон жаңы саясатчылар үчүн иштей баштады.

«[Фейктер] ар дайым эле агрессивдүү болгон эмес жана көбүнчө «Фейсбуктагы»тайпаларда партиялардын жана саясатчылардын билдирүүлөрү менен гана бөлүшүп турушкан. Анткен менен, фейктердин айрым топтору кастык тилин камтыган билдирүүлөрдү жайылтып келишкен – 2020-2021-жылдары өткөрүлгөн үч шайлоонун баарында Адахан Мадумаров, Өмүрбек Текебаев, Роза Отунбаева, Клара Сооронкулова, «Баштан башта» кыймылынын активисттери жана Садыр Жапаров демилгелеген эки референдумдун каршылаштары куугунтуктоонун объектисине айланышкан».

*«Референдум үчүн», бирок бейөкмөт уюмга жана «Азаттыкка» каршы. Фейктердин жана троллдордун активдүүлүгү тууралуу айтып беребиз / Kloop.kg*

Бийликти сындагандарды каралоодо фейктер буга чейин колдонуп жүргөн «куралын» алып чыгышат. Алар бейөкмөт уюмдардын айланасында терс имидж түзүүгө, ЛГБТ өкүлдөрүн жек көрүүгө үндөп, «батыш баалуулуктары» менен кыргыз баалуулуктарынын дал келбестиги тууралуу жазышат.

Саясий технологдордун бири «Клоопко» берген анонимдүү маегинде түшүндүргөндөй, «троллдор фабрикасын» түзүүчүлөр көмүскөдө иштешет, анткени Кыргызстанда алар саясий оппоненттерге жасаган бардык чабуулдары үчүн жооп бериши мүмкүн.

Бирок, фейктер бир гана бийликчил күчтөрдүн кызматында эмес, аларды оппозициялык саясатчылар дагы колдонушат. Мисалы, фейктердин бир бөлүгү 2021-жылы өткөн президенттик шайлоодо УКМКнын мурдагы төрагасы Абдил Сегизбаевди колдошкон.





## КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАМАЛАР

- COVID-19 пандемиясына каршы күрөшүү боюнча 2020-жылдын март айында эпидемиянын алгачкы айларында мамлекет кабыл алган өзгөчө чаралар көз карандысыз жалпыга маалымдоо каражаттарынын кесиптик ишмердүүлүгүн олуттуу чектеди, бул ЖМКнын ишмердүүлүгүнө терс таасирин тийгизип, коомдук кызыкчылык туудурган маалыматка жетүү мүмкүнчүлүгүн чектеди.

  Өзгөчө кырдаал учурунда мамлекет калкты өлкөдөгү кырдаал жана кабыл алынган чечимдер жөнүндө тастыкталган, ишенимдүү жана жеткиликтүү маалымат менен камсыз кылуу үчүн менчигинин түрүнө карабастан бардык ЖМК менен натыйжалуу байланыш үчүн шарттарды түзүшү керек.

- Бийлик сөз жана пикир эркиндигин камсыз кылууда, аларды коргоодо мыйзам бузууларды жоюунун ордуна, бийликти сындап, 2020-жылдагы пандемия маалында өлкөдөгү абал жөнүндө маалымат жайылтканы үчүн мыйзамсыз түрдө суракка чакырууларды, кечирим суратууларды, КР Жазык кодексинин 313-беренесинин (“Расалык, этностук, улуттук, диний же региондор ортосундагы кастыкты (араздашууну) козутуу”) негизинде маалыматка жетүүнү чектөө механизмдерин колдонгон. Ошентип, мамлекет өзүнүн аракеттери менен жарандардын сөз жана маалымат эркиндигине болгон конституциялык укуктарын чектеди.

  Бийлик сөз эркиндигине жана маалымат эркиндигине өзүм билемдик менен кийлигишүүдөн алыс болушу керек. Бул укуктарды кандай гана болбосун чектөө улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын жана адеп-ахлагын коргоо, башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо үчүн Конституциянын жана мыйзамдардын негизинде гана болушу керек жана белгиленген максаттарга өлчөмдөш болууга тийиш.

- Шайлоо мезгили жана наразылык акциялары (2020-жылдын 5-октябрында башталган) журналист кесиптик ишмердигин

жүргүзүп жатканда коопсуздугуна реалдуу коркунучтар менен коштолду: оозеки асылуу, кол салуу, техникалык жабдууларды тартып алуу жана зыян келтирүү аракеттери, коркутуулар болду. 2020-жылдын октябрь айындагы наразылык акцияларынан кийин бийликке келген Садыр Жапаров эч кандай конкреттүү фактыларды келтирбестен, журналисттерди маалыматты бурмалап жатат деп ачык айыптагандан кийин журналисттерге карата коркутуулар кыйла күчөдү. Социалдык тармактарда Жапаровду колдогон топтор анын сөзүн белги катары кабыл алышты: соцтармактарда журналисттерди опузалаган билдирүүлөр жигердүү жайылтылып жатты. Редакциялар жана иликтөөчү журналисттер да онлайн чабуулдардын бутасына айланып, ал эми алардын иликтөөсүнүн жыйынтыгына мамлекеттен тийиштүү реакция болгон жок.

Бийлик журналисттерге карата зомбулукту жана коркутууларды сөз эркиндигине жана басма сөз эркиндигине тикелей кол салуу катары кароого тийиш. Бийлик  журналисттер кесиптик милдеттерин коопсуз жана тоскоолдуксуз аткара алышын камсыз кылуу менен сөз жана басма сөз эркиндигин чыңдоого ар тараптуу саясий колдоо көрсөтүшү керек. Өзгөчө кризис мезгилинде адам укуктарын, негизги эркиндиктерин, демократияны жана укук үстөмдүүлүгүн урматтоого колдоо көрсөтүүдө жана бийликтин отчеттуулугун камсыз кылууда жарандык коомдун негизги ролу таанылууга тийиш. Бийлик кризис шарттарында жарандык коомдун оң ролу жөнүндө калктын маалымдуулугун жогорулатуу боюнча чараларды көрүшү керек. Мамлекет көз карандысыз журналисттик иликтөөлөрдү жүргүзүүгө реакция жасап, колдоп, дем берүүгө тийиш, себеби алар коррупцияга каршы күрөштө мамлекеттик органдардын ачык-айкындуулугун жана отчеттуулугун камсыз кылууга көмөктөшөт. Саясий кызмат адамдарынын ишмердүүлүгү ЖМКда саясий талкуунун жана сындын предмети боло алат.

- 2021-жылдын 23-августунда кабыл алынган “Такталбаган (жалган) маалыматтардан коргоо жөнүндө” КР Мыйзамы кызмат адамдарын сындан коргогон курал катары колдонулушу мүмкүн. Маалыматты арыз ээсинин даттануусунун негизинде гана соттук териштирүүсүз, далилтартыш, тең укуктуулук жана ачыктык принциптерин сактабастан өчүрүп салуу адамдын укуктарын жана жарандын сөз эркиндигине, пикир билдирүү эркиндигин бекиткен КР Конституциясынын жана эл аралык келишимдердин жоболоруна карама-каршы келет.

Бул мыйзам Кыргызстандагы Интернеттеги пикир билдирүү эркиндигине олуттуу коркунуч жаратат, пикир билдирүү эркиндигине, маалыматка жетүүгө жана жеке турмуштун кол тийбестигине болгон укукка карата өлкөнүн эл аралык милдеттенмелерине каршы келет. Мамлекет ратификацияланган эл аралык келишимдерге ылайык сөз эркиндигин жана пикир билдирүү эркиндигин чыңдоо үчүн чараларды көрүүгө, сөз жана пикир билдирүү эркиндигин чектөөгө багытталган мыйзамдарды демилгелөөдөн жана кабыл алуудан баш тартууга милдеттүү.



СӨЗ ЭРКИНДИГИНИН ЖАНА МААЛЫМАТКА ЖЕТҮҮ УКУКТАРЫНЫН БУЗУЛУШУНА ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МОНИТОРИНГ

ИНСТИТУТ
МЕДИА
ПОЛИСИ